**УДК 376**

***Эсенгулова М. М., Раимбек кызы А.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***M. M. Esengulova, Raymbek k. A.***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПРИНЦИПТЕРИ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

# ПРИНЦИПЫ, ПРОБЛЕМЫ И БУДУЩЕЕ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# PRINCIPLES, PROBLEMS AND THE FUTURE OF INCLUSIVE EDUCATION

***Аннотация:*** *Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында акыркы мезгилдерде инклюзивдик билим берүү, инклюзивдик окутуу деген жаңы түшүнүктөр пайда болду. Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүү тарыхы 1995–жылдан башталат. Макалада инклюзивдик билим берүүнүн принциптери, идеясы, тарыхы, укуктук-мыйзамдык негиздер, инклюзивдик билим берүүнүн концепциясы чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү; инклюзивдик билим берүү; сегрегация; принциптер; идея; конвенция; декларация; мыйзамдык актылар; социалдашуу.*

***Аннотация:*** *В последнее время в системе образования Кыргызской Республики появились новые понятия, такие как инклюзивное образование, инклюзивное обучение. История развития инклюзивного образования в Кыргызстане начинается с 1995 года. В статье освещены принципы инклюзивного образования, идея, история, правовые и законодательные основы, концепция инклюзивного образования.*

***Ключевые слова:*** *образование; инклюзивное образование; сегрегация; принципы; идея; конвенция; декларация; законадательные акты; социализация.*

***Annotation:*** *Recently, new concepts have emerged in the education system of the Kyrgyz Republic, such as inclusive education, inclusive education. The history of the development of inclusive education in Kyrgyzstan begins in 1995. The article highlights the principles of inclusive education, the idea, history, legal - legislative framework, the concept of inclusive education.*

***Keywords:*** *education; inclusive education; segregation; principles; idea; convention; declaration; legislative acts;socialization.*

Акыркы он жылдык билим берүү системасы чоң өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. Эгемендүү Кыргызстандын жаңы мамлекеттик саясатына ылайык билим берүү системасы демократиялык принциптерин өздөштүрүүдө. Билим берүү тармагында мамлекеттик саясаттын бир көрсөткүчү катары болуп калктын аяр категорияларына, алардын арасында ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга мамиле эсептелинет.

Адам баласы коомдо жашайт жана коом аркылуу өсөт деген негизди таануу менен, педагогикада чөйрө багыты алдынкы мааниге ээ болуп эсептелет. Эгерде окуучулар социалдык биримдикти, гармонияны, бири-бирине урматтоону колдогон билим берүү мейкиндигинде болушса, анда ушул нерселер аларды тынчылыкта, тирешүүсүз жашоодо жашаганга жана ошону менен бирге алар өзүнүн аброюн, өзгөчөлүгүн сактап калганга үйрөтөт.

***Инклюзивдик билим берүүнүн тарыхы***

Эгерде өсүүсүндө көйгөйлөрү бар балдар жөнүндө чоң камкордук көрсөткөн бардык мамлекеттердин тарыхына кайрылсак, биз төмөнкүлөрдү айта алабыз: XIX- кылымга чейин

балдарга камкордук көрсөтүү багуучулук мүнөздө болуп келген, балдар үйлөрүндө калып, керексиз жүк болуп каралган же болбосо аларды жетим балдар багуучу мекемелерге берилчү.

Француз доктору Жан-Марк Итар 1800-жылы өсүүсүндө көйгөйү бар балдар үчүн окутуу методикасын иштеп чыккан. Бул методика кийинчерээк АКШда өркүндөтүлүп, балдардын акылынын өсүү көйгөйүн илимий жактан окуп билүү максатын коюшкан уюмдар түзүлгөн. АКШда 1830-жылы биринчилерден болуп дүлөй жана сокурлар үчүн мектеп ачылган, алар балдардын үйлөрүнөн алыс жайгашкан жана интернат принцибинде иштеген.

Римдеги кедей-кембагалдардын балдарына жардам көрсөтүүгө италиялык врач Мария Монтессори 1900-жылдары «Балдар үйүн» түзүү менен аракет жасаган. Анын негизги педагогикалык принциптери болуп:

- балдарга өздөрүнүн көңүлүнө жаккан ишти тандоого мүмкүнчүлүк берүү;
- балдарды сыйлап кызыктыруу;
- балдардын жекелигин урматтоо эсептелген.

Россияда атайын окутуу системасы 1917-жылы революциядан кийин түзүлгөн. Атайын окуу мекемелеринде баланын окутуу жана багуу төлөмдөрүн мамлекет камсыз кылган.

Балдардын юридикалык укуктарына жана азыркы мыйзамдардын негизинде XX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда АКШда өсүүсүндө көйгөйлөрү бар балдарды жөнөкөй балдар бакчаларына кабыл ала баштаган. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды өзгөчө программа менен иштеген массалык балдар бакчаларга кошуу багытында аракет кылуунун алгачкы кадамдарын XX кылымдын 60-жылдарынын ортосунда АКШда «Хед старт» долбоору баштаган.

1995-жылдан баштап инклюзивдик билим берүү идеясы Кыргызстандын мектепке чейинки мекемелеринде тарала баштаган. Бул идея дүйнөдөгү 30 мамлекетти камтыган «Кадам артынан кадам» Эл аралык билим берүү программасынын алкагында ишке ашырылган. Бүткүл дүйнө боюнча статистика көрсөткөндөй, мектепке чейинки куракта тишелүү билим алган жана кичинекей кезинен тартып жакшы багылганбалдар мектепте дагы, жашоодо дагы көбүрөөк ийгиликтүү болушат [3].

Инклюзивдик (камтылган) билим берүү балдарга мектепке чейинки жана орто мектеп коллективинин жашоосуна, толук көлөмдө катышканга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле, коллективдин бардык иштеринде тең укуктуу катышууга, баарлашуу үчүн керек болгон көндүмдөрүн өстүрүүгө багытталган.

Инклюзивдүү билим берүү **төмөнкү принциптерге** таянат:

- адамдын баалуулугу анын жөдөмдүүлүгүнөн көз каранды эмес;
- ар бир адам ойлоно жана сезе алат;
- ар бир адамдын баарлашууга жана ишмердүүлүккө укугу бар;
- бардык адамдар бир-бирине муктаж;
- бардык адамдар достукка жана колдоого муктаж;
- ар түрдүүлүк адамдын жашоосун бардык жагынан күчөтөт [5].

**Сегрегация идеясы тууралуу**

Балдарга инклюзивдик билим берүүнү сунуштоо жөнүндөгү заманбап дискуссиясынын ар кандай себептери жана өбөлгөлөрү бар. Инклюзия идеясы башынан педагогикалык эмес тармактардан жалпы педагогикага, андан кийин атайын педагогикага киргизилген. Адамдын **сегрегация** (лат. Segregatio – бөлүнүү) көйгөйүнүн эмоционалдуу көрсөтүлүшү экинчи дүйнөлүк согуштан жана тоталитаризмден кийин пайда боло баштайт. Сегрегация идеясынын жактоочулары мүмкүнчүлүгү чектелген баладарды атайын окутуучу же медициналык мекемеге орноштуруп, «нормалдуу» балдардан бөлүү керек деп санашкан. Сегрегациянын **эки формасы** бар:

1. Толук сегрегация – атайын мектеп-интернатта атайын программа менен баланын окутулушу.
2. Кичине сегрегация – күндүзгү атайын мектепте, атайын программа менен баланын окутулушу.

Бөлүп окутуунун зарылчылыгы медициналык моделдин бар болушунан келип чыккан. Көрсөтүлгөн багыттын мугалимдерине жана врачтарына бул гумандуу көрүнгөн, анткени алар мүмкүнчүлүгү чектелген бала кадимки социумда өмүрүнөн ажыроого дуушар болот же болбосо ден-соолугу жабыр тартып калат деп эсептешкен. **Бөлүп окутуунун зарылчылыгы төмөндөгү жоболор менен негизделет:**

1. Белгилүү топтогу бала ар түрдүү адистердин кароосунда болушу керек жана ага көбүрөөк көңүл бөлүнүшү керек. Бул эреже жалгыз мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга гана эмес, деги эле жөндөмдүүлүгү айкын аныкталган балдарга да таралган – дене тарбиясы жактан жөндөмдүү бала атайын спорт мектебинде, музыкалык жактан жөндөмдүү атайын музыкалык интернатта, математикага жөндөмдүү бала математикалык мектепте окушу керек болчу. Жалпы билим берүү мектебинде окуш үчүн стандарттуу – же жакшы эмес, же жаман эмес – окушу керек болчу.
2. Жалпы мектептердин техникалык базасы жетишсиз жана мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн имараттар ылайыксыз, окуучулардын саны көп.
3. Оюн жана баарлашуу учурунда болуучу жаракаттар.
4. Негизги предметтерди окутууда атайын үйрөтүүчү системалардын жана методдордун жоктугу[2].

Үйрөтүү системасынын жана дарылоо методдорунун өнүгүшүнө сегрегациянын жактоочуларынын салым кошконун тана албайбыз. Ошого карабастан, сегрегация идеясы адамдын заманбап көз карашына жооп бере албайт. Кандай сегрегация болбосун жакшыбы же жаманбы, баары бир өсүп келе жаткан муундарга ал терс идея. Сегрегация идеясы бала социализациянын жүрүшүндө теңсиздик бар экенин, адамдар тандалгандардын жана четке чыгарылгандардын топторуна бөлүнгөнүн, өзү дагы кайсы бир социалдык топко таандык экенин жана бул ага кээ бир укуктарды берип, же болбосо кээ бир укуктарынан ажыратаарын түшүнүшү керек болгон убакытта жаралганын унутпашыбыз керек. Сегрегациялык окутуу, баланы коом индивидди билим алуу процесстин ичинде кошкон, ага бөлүнгөн ролду ойноп, өзүн комфорттуу сезе турган жалпы боз массадан өзгөчөлөнбөгөнгө үйрөтүү негизги болгон. Сегрегация баланы тойгузганга, кийинткенге, окутканга аракет кылган да, бирок аны тандоо укугунан ажыраткан. Азыр түзүлүп жаткан, байлар жана шыктуулар үчүн мектептер жана гимназиялар сыяктуу элиттүү мектептердин түзүлүшү сегрегациянын тескери жагы. Мындай жерде сыртынан ийгиликтүү көрүнгөн колунда бар үй-бүлөлөрдүн балдары, социумдан чыгарылган, турмуштун катаалдыктарына даяр эмес жана социум жактан кыстымдыкка алынган топ сыяктуу акыбалга кабылышат. Мектеп жалгыз гана бир категориядагы балдар үчүн болсо, ал кандай гана ал кандай гана бай жана өнүккөн болбосун ал ар дайым сегрегациондук болуп кала берет [1].

***Укуктук жана мыйзамдык негиз***

Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүүнүн ийгилигин камсыз кылган факторлордун бири болуп укуктук жана мыйзамдык база эсептелинет. Бул багытта белгилүү бир натыйжалар жетишилди, билим алууда өзгөчө муктаждыгы бар балдар массалык мектептерге барууга укук ала турган бир нече мыйзам актылары кабыл алынды, майып балдардын укуктары жана алардын билим алууга мүмкүнчүлүктөрү кылдаттык менен жазылып, өзгөчө муктаждыгы бар балдардын керектөөлөрү эске алынган мектепке чейинки балдар тууралуу жана аларды массалык балдар бакчасына алуу тууралуу Мыйзам кабыл алынды.

ББУнун эл аралык укуктук актыларында теңдиктин негизги идеясы чагылдырылган; адамдардын укугу менен байланышкан жана өсүшүндө өзгөчөлүктөрү бар балдар менен болгон жагдайга таасир эткен актыларды атап кетүү өтө маанилүү. Булар: Адам укугунун жалпы декларациясы (1948), Балдар укугунун декларациясы (1959), Балдар укугу жөнүндө конвенциясы (1989), Балдардын жашап кетүү, коргоо жана өнүгүүсүн камсыздоо жөнүндө бүткүл өлкөлүк декларация (1990), Майып адамдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүк түзүү боюнча стандарттык эрежелер (1993) жана аягында1994 жылы Саламанкада кабыл алынган «Кошуучу билим берүүнү өнүктүрүү жөнүнүндө» декларациясы.

Баланын укуктары жөнүндө Эл аралык конвенциянын бир принциби болуп билим алууга укугу эсептелинет. Балдардын билим алууга укугун камсыз кылуу балдарды жөн гана партага отургузууну гана эмес, мектептерде балдардын өнүгүүсүнө жардам кылган шарттарды түзүүгө багытталган иштерди жүргүзүүнү билдирет. Конвенцияда ушул суроолордун чечимдерине көбүрөөк реалдуу багыттардын жалпы принциптери баяндалган. Мындай принциптердин бири укугун басуудан коргоо болуп эсептелинет. Бардык балдардын билим алууга укугу бар. Балдардын жалпы бөлүгү үчүн билим алууга жеткиликтүүлүктүн мүмкүнчүлүгү чектелген жерлерде системанын бардыгын жакшыртуунун үстүнөн иштөө керек, бирок кээде курдаштары менен бирге мектептик билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес болгон же мектептен чыгарылган кээ бир балдарды колдоого күчтү топтоо талап кылынат. Конвенциянын 23-беренесинде мындай деп айтылат: «Майып балдардын башка бардык балдар сыяктуу эле укугу бар». Мына ошентип, ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар билим алууга ушундай эле укукка ээ. Ошондой эле Конвенцияда билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылууда балдардын үйдөн алыс өзүнчө уюмдарда институционалдык билим берүүдө байкалган баланы ата-энелерден бөлүп салууга болбогондугуна басым жасалган. Инклюзивдик билим берүүнүн концепциясы мындай багытка карама-каршы турат жана балдардын бардыгын эч кимди калтырбастан биргелешип окутууну сунуштайт.

Кыргыз Республикасынын «Ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын кепилдиктери жана укуктары жөнүндө» Мыйзамы (2009-жыл, 30-декабрь айы № 319) ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга жардам жана коргоону сунуштаган кепилдикти, ошондой эле ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын коомдо интеграциясы үчүн шарттарды түзүүгө, майыптардын профилактикасына, калктын ден-соолугун коргоого багытталган чаралар тууралуу белгилейт.

33-берене. Ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга кесиптик даярдыкка жана билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу [3].

Мына ушундай мыйзамдардын сакталышы инклюзивдик билим берүүнүн максатына жетишүүгө салым кошот. Албетте, Кыргызстанда бул тармактагы жылыштарга карабастан, көптөгөн көйгөйлөр калып жатат, анын ичинде көбүрөөк маанилүүсү мыйзам жер-жерлерде иштебей жатат, өзгөчө муктаждыгы бар балдар курбуларынан өзүнчө окушу керек деген стереотиптер, ата-энелердин алардын балдары коом тарабынан четке сүрүлүп, социалдашууда кыйынчылыктарга туш болот деген коркунучтары сакталып калууда, көптөгөн мектептер жакшы өнүккөн инфраструктурага ээ эмес (пандус, ажаткана, керектүү жабдуулар). Класстагы көп түрдүүлүктү, анын ичинде өзгөчө муктаждыгы бар балдарды, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды эске алган программалар жок. Аймактардагы эң чоң көйгөй ата-энелердин арасындагы инклюзивдик билим берүү, баарынан мурда мугалимдин бардык балдарга мээримдүү мамилеси, мыкты шарты бар мектептин имараты, мектеп материалдарынын жетиштүү болушу, окутулган адистер жана даярдыгы бар ата-энелерди камтыган жагымдуу окуу чөйрөсүн түзүү аркылуу өзгөчө муктаждыгы бар балдарды мектеп кабыл ала тургандыгы тууралуу маалыматтарынын жоктугу. Көптөгөн мектептер, өзгөчө алыскы райондордогулар өзгөчө муктаждыгы бар балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча так стратегиясы жок, окутуу материалдарынын, жөлөк пулдун, жабдуулардын жетишпестиги чоң көйгөй боюнча калууда. Мугалимдерге токтоло турган болсок, квалификацияны жогорулатуунун базасында мугалимдерди дайыма окутуп туруу зарыл, себеби окутууда инновациялык технологияны жана инклюзивдик мамилени эске алуу менен программа өзгөрүлүүдө. Мындай өзгөрүүлөрдү киргизүүдөөзгөчө муктаждыктары бар балдарга карата «билим берүү» жана «мектепте окутуу» ортосунда айырмачылыкты табуу маанилүү. Батыш өлкөлөрүндө билим берүү толугу менен мектептик системага камтылган. Дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө билим берүү абдан ар түрдүү формаларга ээ. Мектептер көпчүлүгүндө сабаттуулук жана арифметикага окутуу боюнча көбүрөөк өзгөчөлөнгөн функцияларга ээ, ал эми башка турмуштук көндүмдөргө балдар мектептен сырткары башка жолдор менен окушат.

Инклюзивдик билим берүүнү уюштурууда үй-бүлөнүн жана коомчулуктун ролу өтө маанилүү. Ошондуктан үй-бүлө жана коом эң башынан камтылышы керек. Мектеп жана ата-энелер ортосундагы үзгүлтүксүз байланышы окутуу процессинде өзгөчө муктаждыкка ээ баланын билим алууда өсүүсүн камсыз кылышы мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөр майып жана башка атайын муктаждыгы бар балдарга жардам кылууга атайын мектептерге инвестиция кылышты. Инклюзивдик билим берүүгө өтүү – алардын аракети кадимки билим берүү уюмдарында бардык балдарды колдоодо, ошондой эле жыйынтыгында педагогдорду башкаруунун жана консультация берүүнүн жаңы усулдарын издөө тарабына өзүнүн багытын өзгөрткөнүн билдирет.

**Адабияттар:**


1. Джумагулова Ч. А.Развитие инклюзивного образования в Центральной Азии. Бишкек, 2004.
2. Инклюзивдик билим берүү жогорку мектепте (интеграцияланган окуу-методикалык колдонмо) /түзүүчүлөр: К. М.Тилекеев, Т. В. Панкова, М. М. Эсенгулова ж.б. Бишкек, 2010. 133 б.
3. Кыргызстандын мектепке чейинки уюмдарында инклюзивдик өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. Окуу модулу. Бишкек: Maxprint, 2017. 70 б.
4. Мектепке чейинки уюмдар шартында мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен иштөө боюнча методикалык сунуштар /түзүүчүлөр: Т. Орусбаева, А. Исаева, Д. Дунганова ж.б. Бишкек, 2011. 116 б.
5. Практика внедрения принципов качественной педагогики ISSA: пособие для педагогов. Венгрия, Нидерланды, Международная ассоциация «Шаг за шагом». Бишкек, 2013.


**Рецензент:** *пед. ил. канд., проф. м. а. Т. А. Орусбаева*